Аллахым, менин иштеримдин коргоочусу болгон динимди оңдо

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтар эле: "Аллахым, менин иштеримдин коргоочусу болгон динимди оңдо. Менин жашоом өтүп жаткан дүйнөмдү оңдо. Мен кайтып бара турган акыретимди оңдо. Өмүрдү мен үчүн ар бир жакшылыкты көбөйтүүчү кыл, ал эми өлүмдү ар бир жамандыктан арылтуучу кыл».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзү толуктоо үчүн жиберилген ахлактардын баары топтолгон дуба менен дуба кылган. Ал: диндин оңолушу, дүйнөнүн оңолушу, акыреттин оңолушу. Бул кыска сөзүндө үч бирдиктүү нерсенин оңолушун сурады. Биринчи диндин оңолушунан баштады. Диндин ичинде эки дүйнөнүн абалынын оңолушу жатат. Ал минтип айтты: (Аллахым, менин динимди оңдо) динимдин бардык милдеттерин адептери менен толук аткарууга мага топук (ийгилик) бер. (Ал диним менин бардык иштеримдин коргоочусу) эгер диним бузулса, бардык иштерим бузулат жана мен куру жалак, өкүнүүчү болуп калам. Анткени, диндин оңолушу дүйнөнүн оңолушу менен толук болот. Ошон үчүн минтип айтты: (Менин дүйнөмдү да оңдо) ден соолук, аманчылык, ырыскы, ыймандуу жар, таза, такыба уул-кыз, ж.б. мен муктаж болгон нерселерди бер. Буларды адал жана Сага ибадат кылууга жардам берүүчү кыл. Андан кийин бул суранычынын себебин айтты: (Бул дүйнөдө менин жашоом өтөт) мен жашап турган жерде жана тирүүлүгүмдө. (Мен кайтып бара турган акыретимди оңдо) мен Сага кайтып баруум, салих амалдарым менен, Аллахтын ибадатты ыклас менен аткарууга жана жакшы акыбет менен коштолсун. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) акыретти дүйнөдөн кийин тизмектеди. Себеби дүйнө акыреттин жакшы болуусуна себеп болот. Кимде-ким бул дүйнөдө Аллах каалагандай түз (дининде бекем) жашап өтсө, анын акырети да түз болуп, акыретте бактылуу болот. (Жашоомдо жакшылыктарды көп кыл) өмүр бою жакшы амалдарды кылууга насип кыл. (Өлүмүмдү бардык жамандыктан кутулуучу кыл) фитналардан, мээнеттерден, күнөө жана кайдыгерлик сыноолорунан, айрыкча дүйнөнүн кайгы-машакаттарынан куткарып, ырахатка жеткир.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5482